**«Бекитилди»**
Педагогикалык кенеште
№ 1 токтому
«05» сентябрь 2022 – жыл

# МЕКТЕПТИ ӨНҮКТҮРҮҮ ПЛАНЫ

## М а з м у н у:

1. Мектептин миссиясы

2. «Мектеп-2027» модели

3. «Мугалим-2027» модели

4. «Бүтүрүүчү-2027» модели

5. 2021-2022- окуу жылында К.Маликов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин ишмердүүлүгүнө жүргүзгөн талдоо боюнча отчет.

6. Башкаруу жана МӨПтү турмушка ашыруу (Өткөн окуу жылына анализдин матрицасы).

7. Көйгөйлөр.

8. Мектептин көп жылдык милдеттери.

9. 2022-2027 окуу жылдарына мектептин стратегиялык планы.

10. 2021-2022 окуу жылынын милдеттеринин ишке ашыруу планы.

11. Мектептин беш жылдан кийинки абалы.

**К.Маликов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин**
**педагогикалык № 1 протоколу.**

Чоң-Далы айылы «05» сентябрь 2022ж.

Баары - 21
Себептүүсү – -
Себепсизи –-

**Күн тартибинде каралуучу маселе.**

1. 2022-2023 окуу жылынын милдеттери жана мектепти өнүктүрүү планын бекитүү.

Мектептин окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары А. Жылкыбаеванын сөзү:
Мектептин 2021-2022 окуу жылындагы ишмердүүлүгүнө жүргүзгөн талдоо боюнча отчетто
1. Окуу планынын аткарылышы.
2.Окуучулардын жетишкендиктери (билим сапатын, олимпиада, ачык сабактар) предметтик кружоктор жана башкалар жөнүндө токтолуп,
3. Окутуу жана тарбиялоо жана сабак берүү, калыптандыруучу баалоо боюнча мугалимдердин ачык сабактарында, окуучулардын көптөгөн компетентүүлүктөргө көндүм алганын.
4.Мектептеги климат же ички эрежелер.
5.Ресурстар.
6.Башкаруу жана МӨП турмушка ашыруу боюнча толугу менен токтолуп кетти.
Мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары А. Карыбекованын сөзү:
Мектепте өткөрүлгөн ачык тарбиялык сааттарда окуучулардын Ата мекенди сүйүүгө, эмгектенүүгө тарбиялоого көңүл бурулганын жана класстан тышкаркы иштер жөнүндө токтолуп кетти.
Мектептин директору Н.Чортонованын сөзү:
Мектептин миссиясын, отчеттук картасын, көйгөйлөрдү талдап, узак мөөнөттүү максат башкача айтканда 2022-2027 окуу жылына милдеттерди кабыл алууну сунуштады. Ал милдеттердеги иш чаралардын аткарылышында окуучулар жана мектептин ишмердүүлүгү кандай жетишкендиктеринин көрсөткүчү болорун белгилеп кетти.

**Жогорудагы маселени угуп жана талкуулап педагогикалык кеңешме чечим кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын билим берүү министирлигинин инструкциясынын 2017 жылынын № 58 буйругунун негизинде 2022-2027 окуу жылдарындагы мектепти өнүктүрүү планы (МӨП) бекитилсин.

2. Белгиленген милдеттердин аткарылышы ар бир мугалимдин негизги милдети болуп эсептелсин жана пландын аткарылышын көзөмөлдөө мектеп администрациясына милдеттендирилсин.

Пед советтин төрайымы:____________А.Жылкыбаева

Пед советтин катчысы: ____________А.Талгарбекова

## *МЕКТЕПТИН МИССИЯСЫ:*

К.Маликов атындагы жалпы орто билим берүү мектеби башталгыч, негизги жана жалпы орто билим берүүнү камсыз кылат.

Инсандын жарандык жана кесиптик ишке даярдыгын камсыздоо менен мамлекеттик стандартта көрсөтүлгөндөй ата-эне менен биримдикте болуп, жаш өспүрүмдөрдү элибиздин ыйык баалуулуктарын сүйүүгө, алардын келечекте туура тарбияланышына, жаратман болуусуна кам көрүлөт.

Мектеп командасы уюштуруучулук менен башкарууну ишке ашыруу үчүн жылдын башында 8 адамдан турган мектептин командасы түзүлдү. МК:1 мектеп директору, 2 директордун орун басары, 1 соц педагог, 3 УБнин жетекчилери, 1 ата-энелер комитетинин төрайымы, 1 мектеп окуучусу мектептин командасы директордун буйругу менен бекитилген. Жылдын башында мектеп командасы ата-энелер чогулушун, директор алдындагы кеңешменин натыйжасында 9-сентябрда педагогикалык кеңешмеде МӨП кабыл алынган. 2022-2023- окуу жылынын максаттары жана милдеттери бекиди. Жылдын аягында усулдук бирикмелердин жетекчилеринин өздүк талдоо отчету, ар бир предмет мугалимдеринин өзүн-өзү баалоо отчетунун, директордун орун басарларынын, китепканачынын отчетун окуучулардын жетишкендиктерин талдап негизги окуу формалары: ОШ-1, РИК, мектептин отчеттук картасы талданды. Мектеп администрациясы тарабынан чогулуштар өткөрүлүп, негизги компетенттүүлүктөрдү өндүрүштүк планда жана күндөлүк планда колдонуу жагы көрсөтүлдү. Ата-энелер чогулуштары жылына ар бир класста 4 жолу өз убагында өткөрүлүп турат. Жалпы ата-энелер чогулушу да жылына 4 жолу ар бир чейректен кийин өткөрүлөт. Үч тараптуу ата-энелер келишими түзүлөт. Ата-энелердин мектеп менен байланышы жакшыртылып, катыш пайызы 60-70% ды түзөт. Ар бир ата-энелер чогулушунда баланы тарбиялоо үчүн маанилүү докладдар жана ар кандай ыкмадагы тегерек столдор өткөрүлүп, чакан слайддар көрсөтүлөт. Мектепте уставынын негизинде ички эрежелер жана адеп кодекси менен мектеп кызматкерлери тааныштырылып иш алып барылат, аткаруу үстүндө иш жүргүзүлөт.
Төмөнкү моделдер иштин жыйынтыгы болот:

- «Мектеп-2027»
- «Мугалим-2027»
- «Бүтүрүүчү-2027».

«Мектеп -2027» модели

Натыйжага багытталган, мамлекеттик стандарттарга ылайык сапаттуу билим берген.

Заманбап материалдык-техникалык базасы, мектептин пландарын аткарууга тийиштүү сандагы ресурстары бар.

Мектептин тегерегиндеги электрондук чөйрөсү.

Ар бир мугалим өзүнүн ишинде заманбап технологияларды 70% пайдалана билген.

«Мугалим-2027» модели

Кесиптик компетенцияга ээ болгон

Коммуникабелдүү

Инсандык психология боюнча компетенттүү

Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга маани берген

Жеке билим денгээлин үзгүлтүксүз көтөрүү.

Мектептин өнүгүшүнө салым кошуу.

Кесипке байланыштуу жаңылыктардан артта калбай, ага кошумча киргизүү.

Электрондук инструмент менен иштей ала турган электрондук компетенцияларга ээ болгон, ар кандай билим берүү боюнча сапаттуу өздөштүрүүгө ээ болгон.

«Бүтүрүүчү -2027» модели

Моделдин биринчи белгиси — баалуулуктарды калыптандыруу. Окуучу акыйкат болсун, теңчилдикке умтулсун, сабырдуу болсун, башкаларды урматтасын.

Экинчи критерий — сынчыл көз карашты калыптандыруу. Ар бир окуучу системдүү, чыгармачыл ой жүгүртүүгө даяр болсун жана заман талабына ылайык техникалык каражаттарды мыкты өздөштүрсүн.

Үчүнчү критерий — окуучу конфликт абалдан чыга билүүгө, мамиле күтүүгө жана башка окуучулар менен иш-аракетте болууга даяр болуш керек.

Төртүнчү критерий — биргелешип иштөөгө жана коллективдүү ийгилик жаратууга умтулуу.

Руханий-адеп-ахлактык жактан өнүккөн, ден соолугу чың.

**2021-2022 окуу жылында ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн талдоо боюнча отчет.**

**1.Окуу планын аткаруу.**

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлиги Кыргыз билим берүү академиясы менен бирдикте иштеп чыккан Базистик окуу планы менен 2021-2022-окуу жылында базистик план боюнча окуу жылын жүргүздү. Предметтер боюнча окуу планы райондук билим берүү бөлүмүнөн бекитилип, окуу программаларына ылайык өткөрүлдү. Мектепте ийримдердин пландары мугалимдер аркылуу иштелип чыгып, бекитилген.

I, II, III баскычтар (1-11-класстар) базистик окуу планы боюнча иштешти.
Окууту кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда:
- "адам жана коом", «экономикага киришүү» жана "адеп" сабактары 9-11-класстарда бир предметке;
-эмгекке үйрөтүү жана чийүү сабактары 8-жана9-класстарда бир предметке интеграцияланып өтүлдү.

Бардык предметтер боюнча сабактар билим берүү министрлиги бекиткен типтүү окуу программаларына ылайык өткөрүлдү.

Мектептин тарбия берүү иштери "Манас", "Семетей", "Сейтек" уюмдарынын багыттарына ылайык түзүлгөн.

**2. Кабылданган көндүмдөр (окуучулардын жетишкендиктерин баалоо).**

2021-2022-окуу жылында бардык баскычтар (1-11-класстар, 480 сааттык Наристе программасы) Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын Базистик окуу планынын негизинде иш алып барды.
Окутуу эки сменде жүргүзүлдү. Окутуу өлчөмү көрсөтүлгөн нормадан ашкан жок. Мугалимдердин иштөө убактысы максаттуу уюштурулду. Окуу планынын негизинде ар бир мугалим календарлык планды түзүшүп, ар бир сабактын конспектисин окуучунун позициясынан максаттарды коюу менен түзүп чыгышты.
Мектепте 200 (анын ичинен 95 кыз) окуучу ОШ-1 отчету боюнча жана 20 мугалим эмгектенди.
Жалпы мугалимдер мектеп боюнча 3 усулдук бирикмеге бөлүштүрүлүп, бирикмелер окуу жылынын башында бекитилген план боюнча иштешип, жыл ичинде ар бир бирикме чыгармачыл декадаларды өтүштү:
1.Мамлекеттик тил "Мурас" усулдук бирикмеси – сентябрь айы жана англис тил жумалыгы февраль айы.
2.Башталгыч класстар "Бүчүр" усулдук бирикмеси – декабрь айы
3. Табигый илимдер "Саякат" усулдук бирикмеси – январь, февраль, март, апрель айларына предметтер боюнча бөлүштүрулгөн.

Декадаларда дубал газеталардын сынактары, "Көркөм окуу" сынактары, "Акыл ордо", тегерек стол, "Ачык сабактар", педагогикалык устакана жана башка иш чаралар уюштурулду.

Усулдук бирикмелер чейрек сайын окуучулардын билим сапаты боюнча мониторинг жүргүзүп турушту. Жыйынтыгында бирикмелер боюнча билим сапаты төмөндөгүдөй болду:
1.Мамлекеттик тил "Мурас" усулдук бирикмеси – 30 %
2.Башталгыч класстар "Бүчүр" усулдук бирикмеси –50 %
3. Табигый илимдер "Саякат" усулдук бирикмеси –28 %

Мамлекеттик тил күнүнө карата кыргыз тилчилер иш чараларды Усулдук бирикменин мугалимдери "Эне тилди – эл сактайт" –темасында окуучулар арасында ачык сабактарын өткөрүштү. Андан сырткары дилбаяндар, дубалгазеталардын, көркөм окуу сынактары өткөрүлүп жеңүүчүлөр аныкталды.

Мектептин жаш мугалимдерине усулдук жактан жардам берүү максатында насаатчылар бекитилди.

Ар бир чейректин аягында негизги предметтер боюнча класстардан административдик тест алынып, окуучулардын билим сапатына анализ жүргүзүлүп турду. Административдик тесттин жыйынтыгы менен чейректин жыйынтыгы салыштырылып, чоң айырмачылыктар чыккан класстар директор алдындагы кеңешмелерде каралып, талкууланды.

Ноябрь айында мектеп ичинде негизги предметтер боюнча олимпиаданын 1-туру өткөрүлүп, анын жеңүүчүлөрү олимпиаданын райондук этабына тандалып алынды.

Окуу жылдын аягында 203 окуучу бүтүрүп, окуу программасын ийгиликтүү өздөштүрүшүп кийинки класска көчүрүлдү. Мектеп боюнча билим сапаты **-35%**ти түздү, 5 окуучу отличник, 56 окуучу ударник болгон. Баскычтар боюнча билим сапат төмөндөгүдөй.

I – 1-4 класс – 31% билим сапатын

II – 5-9 класс – 27% билим сапатын түзгөн.

III – 10-11 класс – 28% билим сапатын түзгөн.

**Мониторинг жүргүзгөндө акыркы беш жылда билим сапаты төмөндөгүдөй өзгөргөн.**

| Окуу жылдары | Билим сапаты |
|---|---|
| 2017-2018 окуу жылы | 23 % |
| 2018-2019 окуу жылы | 30 % |
| 2019-2020 окуу жылы | 30 % |
| 2020-2021 окуу жылы | 34 % |
| 2021-2022 окуу жылы | 35 % |

Артыкчылык аттестат жана өзгөчөлөнгөн күбөлүккө ээ болгон окуучулар болгон жок.

Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары боюнча маалымат:

| № | Окуу жылдары | Окуучулардын жалпы саны | Катышкан окуучулардын саны | 110 баллдан жогору алган окуучулардын саны |
|---|---|---|---|---|
| 1. | 2019-2020 | 7 | 6 | 2 |
| 2. | 2020-2021 | 8 | 6 | 1 |
| 3. | 2021-2022 | 11 | 3 | 1 |

I баскычтан II баскычка өткөндө башкача айтканда 5- класстардан кыргыз тилинен, орус тилинен, математика предметтери боюнча жат жазуу, текшерүү иш алынып, билимге болгон кызыгуусу текшерилип, жыйынтыгы чыгарылды.

| № | Предметтер | Тесттин жыйынтыгы | 4-класстагы жылдык баа |
|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | 62% | 62% |
| 2 | Орус тил | 56% | 56% |
| 3 | Математика | 62% | 62% |

Билим сапатын текшерүүдө 5-класска келгенде окуу жүктөмү көбөйүп, предметтик сабактар кошулгандыгына байланыштуу, ар башка мугалимдер сабак берип, окуучулар убактылуу кыйналгандыгы байкалат.

Ортоңку баскычта

| № | Класстар | *Билим сапат%* |
|---|---|---|
| 1 | 5 | 21% |
| 2 | 6 | 12% |
| 3 | 7 | 22 % |
| 4 | 8 | 25% |
| 5 | 9 | 33% |
| 6 | 5-9 | 29,2% |

| № | Класстар | Административдик тесттин жыйынтыгы % | Жылдык жыйынтык % |
|---|---|---|---|
| 1 | 5 | Математика 66%<br>Кыргыз тили 43%<br>Орус тили 45%<br>Чет тили 36%<br>Тарых 44% | 74%<br>56%<br>50%<br>50%<br>50% |
| 2 | 6 | Математика 37%<br>Кыргыз тили 50%<br>Орус тили 50%<br>Чет тили 50% | 37%<br>56%<br>56%<br>56% |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Тарых 50% | 68% |
| 3 | 7 | Математика 35%<br>Кыргыз тили 50%<br>Орус тили 40%<br>Чет тили 39%<br>Тарых 40% | 35%<br>52%<br>41%<br>40,7%<br>43,2% |
| 4 | 8 | Математика 40%<br>Кыргыз тили 42%<br>Орус тили 31,5%<br>Чет тили 37,5%<br>Тарых40%<br>Биология 37,5% | 50%<br>62,5%<br>50%<br>40%<br>44%<br>54% |
| 5 | 9 | Математика 33%<br>Кыргыз тили 42%<br>Орус тили 42%<br>Чет тили 37%<br>Тарых 39,5%<br>Биология 42% | 33%<br>50%<br>50%<br>39%<br>42%<br>58% |

*5-9-класстарда окуучунун кулк-мүнөзү өзгөрүп көп нерсеге алаксыйт, ар кандай терс жактарга азгырылып, сабакка көңүл бөлбөй койгон учурлары болот. Бул учурда окуучуларга туура мамиле кылып, ата-энелер менен тыгыз байланышып, окуучунун жан дүйнөсүндө эмне болуп жатканын байкоо иштерин жүргүзүү соцпедагог жана класс жетекчиге милдеттендирилет. Ал эми предметтик мугалимдер да системалуу көзөмөлдөп окуучуларды өз предметтерине кызыктыруу жана жетишпеген окуучуларды аныктап, иш жүргүзүү системалуу түрдө жолго коюлат.*

**3.Окутуу, тарбиялоо жана сабак берүү.**

2021-2022- окуу жылында 20 мугалим эмгектенди. Ар бир мугалим өзүнүн предмети боюнча календардык планын түзүп, ал планда мезгилдин талабына ылайык окуучуларга билим берүүдөгү керектүү компетентүүлүккө ээ болушу керек экендигин көрсөтүп маалымат берүүчү, билим берүүчүлүк, социалдык, коммуникативдик, өзүн өзү уюштуруу жана башка жана окуучуларды ушул көндүмдөргө ээ кылууга аракет кылып иштеп келишет, ар бир мугалим өзүнүн предметин гана үйрөтпөстөн, окуучуну коомдо ордун тапканга, эмгектенип иштеп кеткенге, толерантуулукка ошол билимдерди өз турмушунда пайдалана билүү көндүмүнө багыт берет, жоопкерчиликтүү инсанды тарбиялоодо билим берүү стандарттына ылайык үч компетенттүүлүктү камтыйт.

1. Маалымат берүүчүлүк компетенттүүлүк
2. Социалдык –коммуникативдик компетентүүлүк
3. Өзүн- өзү уюштуруучулук компетентүүлүккө.

Ар бир мугалимдин өзүнүн портфолиосун түзгөн жана сабактардын план конспектилеринин топтомун түзгөн, калыптандыруучу баалоо боюнча эң жакшы, жогорку деңгээлдерде ачык

сабактарды өтүшкөн. Ошондой эле башталгыч класстын мугалимдери "Керемет окуу" долбоорунун алкагында иштеп, билим берүүнүн мамлекеттик стандарттына ылайык усулдук жана ата-энелер менен иштөөлөр болуп жатты. Башталгыч класстын мугалимдери, ата-эне, коомчулук менен кандай иш алып баруу керектигин жана алардын окууга болгон таасиринен окуучулардын китепке болгон кызыгуусу жакшы ийгиликтерге жаратты.
Мектепте окуучулардын ден соолугун чыңдоо үчүн спорт ийрими түзүлүп иштеди.

| № | Ийримдин аталышы | Окуучулардын саны | Ийримдин жетекчиси |
|---|---|---|---|
| 1. | "Ден соолук" | 24 | Сапарбеков Т.С |

Окуу жылына план түзүлүп иш алып барылды, ийримге катышкан окуучулар менен диспут, кечелер, таймаш, инсценировкалар уюштурулду. ЖРТга даярдык көрүү боюнча НОВО, СЭКОМдун материалдарынын негизинде окуучулар менен иш жүргүзүлдү.

Мектепте ийрим иштеринин чыгармачыл отчеттору уюштурулуп, төмөнкү иш чаралар өткөрүлдү.
- ЖРТга даярдык көрүү максатында ай сайын сабактардан тесттер алынды.

**Ошондой эле салтка айланган сабактарды өзгөртүү максатында калыптандыруучу баалоонун суроолору аркылуу ой жүгүртүүнү өнүктүрүү ийгиликке, максатка жетүүнүн кадамдары, топтор менен иштөө техникаларынын элементтерин колдонуп сабактарды өтүүдө. Айрым мугалимдер ачык сабак учурунда гана ТСО (копьютер) колдонушса, ал эми күнүмдүк сабакта колдонушпайт. Себеби кабинеттик системада өтүүгө мектепте шарттын жоктугу жана материалдык базанын жетишсиздиги.**

Предметтер боюнча билим сапатын жана интерактивдүү сынчыл ой жүгүртүүнү сабакта пайдаланууну көзөмөлдөө үчүн сабактарга катышып, административлык тесттерди алуу менен педагогикалык кеңешмеде талкуу жүргүзүлдү.

Мектепте билим сапатын жогорулатуу үчүн жетишкендиктери төмөн болгон окуучулар менен иштөөдө ар бир предметтик мугалим план түзүп, иш алып баруу менен кошумча тапшырмаларды берип жана окуучулардын каллиграфиясын ондоо үчүн окуучуларга жат жазуу, тексти көчүрүп жазуу жана окуп түшүнүү, шар окуу тапшырмасынын үстүндө иштешти.

*Окуучулардын билим сапатынын өсүшүнө коңул бөлүнүп чейректе диогностикалык мониторинг жүргүзүлүп турат жана ар бир класста чейрек сайын ата-энелер чогулушу болуп, ата-энеге баласынын жетишкендиги, сабакка катышуусу боюнча маалымат берилип турду.*

Мектепте тарбия берүү иштери "Мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо Концепиясынын" негизинде жылдык, айлык, жумалык пландар түзүлүп иш алып барылды.

* *Анда адеп-ахлактык тарбиялоо багыты,*
**Жарандык тарбия багыты,*
**Мекенчилдикке тарбиялоо багыты,*
**Жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо багыты,*
**Көп маданияттуулукка тарбиялоо.*
**Эстетикалык тарбиялоо,*
**Эмгекке тарбиялоо багыты*
**Сергек жашоого тарбиялоо,*
**Үй бүлөлүк тарбиялоо*

Мектепте "Манас" окуучулардын өзүн-өзү башкаруу уюму түзүлүп, уставы иштелип чыккан. Өзүн-өзү башкаруу уюмунун президенти болуп 11-класстын окуучусу Турогельдиева Марина жалпы шайлоо эрежесинин негизинде шайланды. Уюмдун мүчөлөрү өзүн-өзү башкаруу айлыгына активдүү катышышты жана жыл бою мектеп ичиндеги жалпы тартип тазалык маданий иш-чараларды өткөрүштү.

**Тарбиялык саттар** да класс жетекчилер тарабынан өз убагында берилген темага ылайык жаңычыл усулдарды колдонуп өтүп турушту.

Ар бир жума күнү класс жетекчилерге бекитилип берилген классы менен тарбиялык саттар өтүлүп турду.

ИДНдин кызматкерлери окуучуларга лекцияларды окуп, аңгемелешип турушту.
ИДН кызматкерлери, 9-11-класстарынын ата-энелери, класс жетекчилери, тарбия завуч жана соц.педагог менен бирге атайын уюштурулган рейддерге барып турушту.

**4.Мектептеги климат же ички эрежелер.**

Мектепте социалдык педагогунун мектептин шартына жараша иш планы түзүлгөн.
Көйгөйлөрдү конструктивдүү чечүү үчүн Балдар өспүрүмдөр уюмунун "Милициянын жаш достору" клубу менен бирдикте мектептин ички тартибин көзөмөлдөө уюштурулган.
1-11-класстын окуучуларынын үй-бүлөлүк социалдык паспортунун негизинде класстын, мектептин социалдык паспорту түзүлгөн.

2021-2022-окуу жылына коюлган ар бир план боюнча иш алып барылды.
Мектептин тарбия завучу менен соц педагогу сентябрдын башында эле ЖӨИнин кызматкерлери менен биргеликте мектептин көзөмөл папкасын уюштуруп биргеликте жыл бою иш алып барышты. Мектептеги ар бир класс жетекчи менен тыгыз иш жүргүзүлүп, ар бир класстын тизмесин тактап алып, ар бир класска социалдык паспорт түзүлдү. Мындан тышкары мектептеги тоголок жетим, жарым жетим, толук эмес үй-бүлөнүн балдары, социалдык абалы начар окуучулар , жардамга муктаж окуучулар,көп балалуу үй-бүлөнүн балдары, мигрант үй-бүлөнүн балдарынын тизмелери такталып, тиешелүү документтери папкага салынган. Ар бир окуучуга байкоо дептери ачылып, реестр түзүлдү. Айрым тентек кылган окуучулар атайын байкоо журналына катталып, ата-энесин мектепке чакыртып түшүндүрүү иштери жүргүзүп, протоколдор жазылып билим берүү бөлүмү менен ЖӨИге берилип турду.

Ата-энеси мигрант окуучулардын үйлөрүнө мектеп жетекчилиги класс жетекчилер менен биргеликте барышып, балдардын үй шарты, ата-энесин алмаштырган туугандары менен таанышып пикир алышып турушту. Булар боюнча билим берүү бөлүмүнө фото отчет, маалыматтар квартал сайын берилип турду. Мугалимдер АКТ түзүп түшүндүрүү иштерин жүргүзүп келишти.
Мектеп ичиндеги тоголок жетим, жарым жетим, жардамга муктаж окуучуларга жыл ичинде мектептеги мугалимдер жамааты жана
коомчулук, ата-энелер тарабынан ар кандай жардамдар берилип келди.

Зордук-зомбулуктун алдын алуу максатында окуучулар менен жана ата-энелер менен иш жүргүзүлдү. Иштеген окуучулардын ата-энелери менен сүйлөшүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, баланын укугун коргоо максатында мыйзам чегинде келишим түзүү сунушталды.

Рэкетчиликтин алдын алуу жана эрте турмуш куруунун алдын алуу боюнча 7-11-клаастар жана ЖӨИнин кызматкерлери жана ата-энелер менен биргеликте тарбиялык саттар өтүлүп жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турду.

| № | Иликтөөнүн негизинде | Саны |
|---|---|---|
| 1 | Томолой жетим окуучулар | - |
| 2 | Жарым жартылай окуучулар | 2 |
| 3 | Аз камсыз үй- бүлөнүн балдары | 6 |

| | | |
|---|---|---|
| 4 | Көп балалуу үй-бүлөлөр окуучулар | 8 |
| 5 | Турмуш шарты оор окуучулар | - |
| 6 | Ден соолугу боюнча жеке үйдөн окуган окуучулар | - |
| 7 | ДМЧ окуучулар (коррекциондук класс) | |
| 8 | ИДН катталган окуучулар | - |
| 9 | Өгөй эне менен жашаган балдар | 3 |
| 10 | Өгөй ата менен жашаган балдар | 3 |
| 11 | Ажырашкан үй- бүлөнүн балдары | 20 |
| 12 | "Тобокел" тобунда турган окуучулар | 1 |
| 13 | Мечитке барган балдар | - |
| 14 | Хиджаб кийген кыздар | - |
| 15 | Ата-энеси КР тышкары иштеген мигранттар | 10 |
| 16 | Ички мигрант ата-эне | - |
| 17 | Мектептин учетунда турган окуучулар | - |

6-7- класстарда соц. педагог "Тамеки өмүр душманы", аттуу темада түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Окуучулар арасында "Сен укугуңду билесиңби?" деген темада класс жетекчилер менен бирдикте класстык сааттар өткөрүлдү.

Мектепте иштеген мугалимдер аз камсыз болгон үй- бүлөнүн балдарына "Кайрымдуулук акциясы" өткөрүлүп, тамак-аш, окуу-куралдар жана кийим-кече түрүндө жардамдар берилди.

8-класстын ата-энелери менен сурамжылоо менен анкета алынды. 5-11- класстарда "Өспүрүмдөр арасындагы суициддик көрүнүш" деген темада доклад окулуп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

"Балдарга- зордук зомбулукка жол бербейбиз" аттуу темада класстык сааттар өтүлүп, ишеним почтасы уюштурулду.

Кыздар кеңеши ай сайын план боюнча өтүлүп турду.

*Мектеп жалпы китеп менен камсыз болуусу кыргыз класстарында 80%ти түзгөн. Мектепте окуу залы иштейт, балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша көркөм окуу адабий китептердин аз санда ошондой эле заманбап китептердин жоктугу окуучунун таанып билүү кызыгуусун төмөндөтөт. 1-4-класстар үчүн "Керемет окуу" долбоорунун жардамы менен мектепке китептер берилди.*

**5.Ресурстар.**

Учурдун талабына ылайык окуу процессин заманбап маалымат-коммуникациялык технологиялардын негизинде уюштуруу зарылчылыгы аныкталды. Маалымат булактары катары электрондук каражаттар күндөн-күнгө кеңири пайдаланууда. Андан тышкары, мектептин финансылык, материалдык-техникалык жана башка ресурстары маанилүү.

- **Кадр ресурстары.**

Мектепте 21мугалим эмгектенет. Билими боюнча:
-жогорку -17
-атайын-орто – 4
Жаш мугалимдер - 3

**Мектептин материалдык-техникалык базасы.**

- Окуу кабинеттери – 10
- Компьютердик класс – 1
- Ашкана – 40 орунга
- Тиешелүү деңгээлдеги китепкана фондусу
- Спорттук аянтчалар -1
- Спорт зал - 1
- Ички дааратканалар -2
- Мектеп эмеректери (парта, стол, мугалимдин столу, шкафтар)
- Компьютерлер – 10, окутуу үчүн – 7
- Телевизор ЖК – 2
- Интерактивная доска – жок
- Проектор –1
- Принтер – 3
- МФУ – 1
- Веб-камера – жок
- Видео көзөмөл жок
- Мектептин аянты тосулган эмес
- Мектепте жогорку ылдамдагы (10 Мбит секундасына) интернет орнотулган. Мектеп кызматкерлерине жана окуучуларга бекер пайдаланууга мүмкүнчүлүк берилген
- Жыл сайын мектепте республикалык бюджеттин эсебинен утурумдук ремонт өткөрүлөт, окуу кабинеттерде ыңгайлуу шарттар түзүлүп, окуу-тарбия процессин сапаттуу уюштурууну камсыз кылат.

**Мектептин маалымат ресурстары төмөнкү блоктордон турат:**

- Окуу-тарбия боюнча ишмердүүлүктүн маалымат ресурстары. Баскычтар боюнча окуу материалдар.
- Маданият-агартуу боюнча ишмердүүлүктүн ресурстары: окуучулардын маалыматтык, экологиялык маданияттуулугун, алардын чыгармачыл активдүүлүгүн, адептүүлүгүн калыптандырууга багытталган материалдар.
- Мугалимердин маалымат-усулдук ишмердүүлүктөрү боюнча ресурстар: мугалимдердин чыгармачылыгын өнүктүрүүгө багытталат. Бул блоктун функциясына электрондук китептерди түзүү, компьютердик программаларды иштеп чыгуу ж б кирет.

- Административдик-чарба ишмердүүлүк боюнча маалымат ресурстары: окуу процессин пландаштырууну, класс жетекчилер менен иштөөнү, окуучулардын ден соолугуна көзөмөл жүргүзүүнү камсыздайт. Андан тышкары, юридикалык маалыматтар, отчеттор, келишимдер, тарификациянын материалдары, кеңештердин чечимдери

**6.Башкаруу жана МӨП турмушка ашыруу.**

**Өткөн окуу жылына анализдин матрицасы**

**а) мектептин проблемаларынын SWOT – анализи**

| **Күчтүү жагы** | **Алсыз жагы** |
|---|---|
| 1. Мугалимдердин потенциалынын компетенттүүлүгү (билими боюнча: 21 мугалимден 17 мугалим жогорку билимдүү);<br>2. Мектепти өнүктүрүүгө кошумча каражаттын тартылышы;<br>3. Педколлективдин стабилдүүлүгү, ынтымагы | 2. Мугалимдердин (өзгөчө жаш мугалимдердин) кесиптик деңгээлинин жетишсиздиги;<br>3. Окуучулардын билим сапатынын төмөндүгү;<br>4. Окуучулардын сабактарды себепсиз көп калтыруусу;<br>5. Мектептин заманбап техникалык каражаттарга муктаждыгы;<br>6. Окуучулардын окууга болгон кызыгууларынын жоктугу. |
| **Мүмкүнчүлүктөр** | **Коркунучтар** |
| 1. Мугалимдердин кесиптик денгээлин жогорулатууга<br>2. Окутуунун жаны технологияларын колдонууга;<br>3. Ар кандай долбоорлордун үстүндө иштөө, инвестицияларды тартууга;<br>4. Окуучулардын билим деңгээлин 0,2% жогорулатууга;<br>5. Окуучулардын сабактан себепсиз калуусун 0,5 % ке кыскартууга | 2. Окуучулардын санынын азайышы.<br>3. Жакшы окуган окуучулардын жаңы типтеги мектептерге кетип калышы;<br>4. Ички, тышкы миграциянын таасири;<br>5. Инфляциянын таасири;<br>6. Окуучулардын диний агымдарга тартылып кетиши |

**б) Ата-энелер менен иштөөнүн анализи:**

| № | Ата-энелердин жетишкен жактары | № | Ата-энелердин начар жактары |
|---|---|---|---|
| 1 | Ата-энелердин арасынан балдарынын билим алуусуна шарт түзүп бергендер 24% түзүшү. | 1 | Көпчүлүк ата-энелердин билим берүүгө кайдыгер көз карашы. |
| 2 | Ата-энелердин мектеп менен болгон байланыш 35% түзөт. | 2 | Кээ бир ата-энелердин социалдык абалынын начардыгы. |
| 3 | Кээ бир ата-энелердин балдарына кошумча билим берүүгө шартынын жетиштүүлүгү. | 3 | Жумушсуздук. Ата-энелердин чет жактарга кетүүсү. |
| 4 | Аз да болсо мектепке жардам бере ала турган ата-энелердин болуусу. | 4 | Ата-энелердин класстык чогулуштарга начар катышуусу. |
| | | 5 | Демөөрчү ата-энелердин жоктугу. |
| | **Мүмкүнчүлүктөрү** | | **Коркунучтар** |
| 1 | Мектептин көйгөйүн чечүүгө көмөк көрсөтүү, демөөрчүлүк кылууга 35% ата-энелердин мүмкүнчүлүгү бар. | 1 | Балдары үчүн айрым ата-энелердин жоопкерчилигинин жоктугу. |
| 2 | Окуучулардын сабакка катышуусун активдештирүү максатында ата-энелердин сабактарга катышуусу. | 2 | Балдардын окуусуна, тарбиясына кайдыгер мамиле кылган ата-энелер -50-55% түзөт. |
| 3 | Окуу тарбия ишине ата-энелердин жигердүү катышуусу. | 3 | Окуучулардын орто билимге ээ болбой калуусу. (9-классты аяктагандан кийин колледж, лицейлерге кетип калуусу). |
| 4 | Айрым жакыр үй-бүлөнүн балдарына жардам берүү. | 4 | Жаман адаттарга берилген үй-бүлөлөрдүн жана кароосуз калган үй-бүлөлөрдүн көбөйүүсү. |

## К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин

## узак убакыттуу максаты

Мугалимдердин ар кандай курстарга, семинар-тренингдерге катышууларынын негизинде кесиптик чеберчилиги артат, ар кандай долбоорлорго катышуу жана инвестицияларды тартуу аркылуу мектептин материалдык-техникалык базасы чыңдалат, ата-энелер мектепке ар тараптан колдоо көрсөтүп, окутуу – тарбия берүү процессине активдүү катышышат. Окуучулардын окутууга болгон билим сапаты 0,2 % га көтөрүлөт.

**Мектептин көп жылдык милдеттери**

| Окуу жылы | Милдеттер | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|
| 2022-2027 | 1.Мектепке кесибин сүйгөн чыгармачыл мыкты мугалимдерди тартуу. | Өз ишин сүйгөн, окуучу, ата-энелер менен иш жүргүзө алган педагогдор иштейт. |
| 2022-2027 | 2.Чыгармачылык устакананын ишин өнүктүрүү, мугалимдердин потенциалын көтөрүү. | Жаш мугалимдер өздөрүн иш үстүндө көрсөтүшөт. Муундар байланышы чыңдалат. |
| 2022-2027 | 3.Окуучуларды кесипти туура тандоого багыт берүү. | Окуучулардын кызыгуусуна карата кошумча предметтик сабактар өтүлөт. Пайдалуу ийримдерге тартылат |
| 2022-2027 | 4.Ата-энелер университетин түзүү менен ата-энелерди мектеп жашоосуна 37%га тартуу. | Ата-энелер инверситетинин жигердүү ишинин натыйжасында ата-энелер мектеп турмушуна кызыгышат. Ата-энелер балдарынын келечегине кам көрүшөт. |
| 2022-2027 | 5. Тренинг, семинарларга катышып окуп келген мугалимдер ЖРТга окуучуларды ийгиликтүү даярдоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. | Педагогдордун ийгиликтүү көрсөткүчтөрү. ЖРТда окуучулардын жогорку упайларга ээ болуусу. |
| 2022-2027 | 6.Мектептин айланасын курчоо. Жылуулук системасын капиталдык ремонттон өткөрүү. | Окуучулардын мектепке окуусуна шарт түзүлөт. Мектеп коопсуз абалда болот. |
| 2022-2027 | 1.Мектепке келген жаш мугалимдерге ар тараптуу колдоо көрсөтүү менен сүйүктүү кесиптин ээси болууга багыттоо | Жаш мугалимдер өз алдынча чыгармачыл изденүүчүлүккө умтулушат, сүйүктүү кесиптин чыныгы адиси болууга өздөрүн даярдайт. |
| 2022-2027 | 2. Окуучулардын келечектеги кесибин туура тандашына, мыкты билим алышына, өз алдынча изденүүчүлүгүнө багыт берүү иши | Келечек билимдүү жаштарды күтөөрүн окуучулар билишет, ошондуктан мыкты билим алууга, сүйгөн кесибине ээ болууга умтулушат. |

| | | |
|---|---|---|
| 2022-2027 | 3.Сапаттуу билим берүүдө мугалимдердин терең, жоопкер мамилесин камсыздоо менен компьютердик сабаттуулугун жогорулатуу. | Балдардын көңүлүн буруууда мугалимдер кызыктуу, жаңычыл, чыгармачыл, сапаттуу, мазмундуу сабактарды көп өтүп, окуучулар жугумдуу билимге ээ болушат. |
| 2022-2027 | 4.Ата-энелер университетинин ишин алдыңкы жолго коюу, мектеп менен байланышын чыңдоо жолу. | Ата-энелер университетинин иши алдыңкы жолго коюлат, аларда мектеп жашоосуна, балдардын тагдырына болгон кызыгуу, кам көрүү пайда болот. |
| 2022-2027 | 1.Мектепке келген жаш мугалимдерге ар тараптуу колдоо көрсөтүү, өз кесибине жоопкерчиликтүү мамиле кылууга багыттоо. | Жаш мугалимдер өз алдынча чыгармачыл изденүүчүлүккө умтулушат, өз кесибинин чыныгы адиси болууга аракет кылышат. |
| 2022-2027 | 2. Окуучулардын келечектеги кесибин туура тандашына, мыкты билим алышына, өз алдынча изденүүчүлүгүнө багыт берүү иши | Келечек билимдүү жаштарды күтөөрүн окуучулар билишет, ошондуктан мыкты билим алууга, сүйгөн кесибине ээ болууга умтулушат. |
| 2022-2027 | 3.Сапаттуу билим берүүдө мугалимдердин жоопкер мамилесин камсыздоо менен компьютердик сабаттуулугун жогорулатуу. | Балдардын көңүлүн буруууда мугалимдер кызыктуу, жаңычыл, чыгармачыл, сапаттуу, мазмундуу сабактарды көп өтүп, окуучулар жугумдуу билимге ээ болушат. |
| 2022-2027 | 4.Ата-энелер университетинин ишин алдынкы жолго коюу, мектеп менен байланышын чыңдоо жолу. | Ата-энелер университетинин иши алдынкы жолго коюлат, аларда мектеп жашоосуна, балдардын тагдырына болгон кызыгуу, кам көрүү пайда болот. |
| 2022-2027 | 5.Юнеско долбоорунун негизинде тренингдерге катышып, ЖРТга окуучуларды ийгиликтүү даярдоого мүмкүнчүлүк түзүү. | Мугалимдин өзүнө болгон жоопкерчилиги өсөт. |
| 2022-2027 | 6. Мектептин 2-кабатынын терезелерин алмаштыруу. | Окуучулардын окуусуна шарт түзүү. Мектеп жылуу абалда болот. |

*Көйгөйлөр.*

***► Мектеп ичиндеги билим сапаты менен тышкы баалоо системасынын дал келбеши.***
***-жетишпеген окуучулар;***
***-шаардык олимпиадада көрсөткүчтөрдүн начардыгы;***
***-окуучулардын сабактан себепсиз көп калышы;***
***-мугалимдердин начар окуган жана таланттуу окуучулар менен иш алып баруусунун жетишсиздиги;***
***-ЖРТ тестирлөөнүн жыйынтыктарынын стабилдүү эместиги;***
***-жаш мугалимдердин даярдыгынын начардыгы.***
***-окутуунун ортоңку жана жогорку баскычтарындагы окуучулардын окууга болгон кызыгуусунун төмөндөшү***
***► Окуучулардын тартиптүүлүк деңгээлинин жетишсиздиги.***
***-укук бузууга бара турчу окуучулар бар;***
***-ата-энелердин көзөмөлүнүн начардыгы***
***► Окуучулар менен мугалимдердин окуу керектөөлөрүн материалдык базасынын толук эмес камсыздалышы.***
***-окуу, мугалимдер үчүн усулдук китептердин жетишсиздиги;***
***-техникалык базанын жетишсиздиги;***

***Мектептин беш жылдан кийинки абалы***

1. Сабактардан жетишпеген окуучулар жок болот.

2.Сабактардан себепсиз калуу 10 % азаят.

3.Предметтик олимпиадалардын жеңүүчүлөрүнүн саны жана ЖРТ жыйынтыгы көтөрүлөт.

4.Жаш мугалимдердин кесиптик деңгээли жогорулайт.

5. Бардык мугалимдер компьютер менен иштөөгө үйрөнүшөт жана маалымат технологиялар менен иштешет.

6. Тарбиялык иштердин деңгээли жогорулайт (райондук, областтык кароо-конкурстарда жакшы көрсөткүчтөр).

7 Окуучулардын тартиптүүлүк деңгээли жакшырат.

8. Профилактика кеңешинин иши жакшырат, ата-энелер менен байланыш бекемделет.

9. Окуучулар окуу китептери менен толук камсыздандырылат.

10. Мектепте спорт, актовый залдар заман талабына ылайык жаңыртылат.

11. Манас таануу багытында иш жүргүзүлөт мектеп окуучулары “Манас эпосунун” варианттары менен таанышып чыгышат.

**Мектептин өнүгүү планы 2022-2027-жылдар**

| № | Аткарылуучу иштер | Болжолдуу мөөнөт |
|---|---|---|
| 1 | Усулдук бирикмелердин ишин жандандыруу | Ар дайым |
| 2 | Олимпиадалык топтор менен иштөөнү жандандыруу | Ар дайым |
| 3 | Республикалык тесттен эн жогорку балл алуу учун, кружоктордун сапатын жогорулатуу | Ар дайым |
| 4 | Мамлекеттик эмес уюмдар менен байланышып, каржылоонун булактарын табуу | 2023-ж |
| 5 | Мектептин веб-сайтын тузуу | 2022-ж |
| 6 | Мектеп менен ЖОЖ дун байланышын чындоо багытында иш алып баруу | 2022-ж |
| 7 | Класстарга интерактивдуу доскаларды алуу | 2022-2026-ж |
| 8 | Компьютер класска кошумча компьютерлерди алуу | 2023-ж |
| 9 | Мектептеги электр зымдарын алмаштыруу | 2023-ж |
| 10 | Мектептин жылытуу системасын жаңыртуу | 2023-ж |
| 11 | Китепкананы электрондоштуруу | 2024-ж |
| 12 | Балдардын коопсуздугун камсыздоо багытында видео камераларды орнотуу | 2024-ж |
| 13 | Окуу эмеректерин жанылоо | 2025-ж |
| 14 | Актовый зал маселесин чечүү | 2023-2026-ж |
| 15 | Мектеп ашканасынын идиштерин жаңылоо | 2023-ж |